КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
БАТКЕН ОБЛУСУНУН
ИЧКИ ИШТЕР
БАШКАРМАЛЫГЫ
КАДАМЖАЙ РИИБү

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
УПРАВЛЕНИЕ
ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ
ОВД КАДАМЖАЙСКОГО района

Баткен обл., Кадамжай шаары
А.Орозбеков көчөсү 94,
кабылдама тел. факс (+996-3655) 5-02-29

Баткенская обл., г.Кадамжай
ул.А.Орозбекова 94
Деж.часть тел. (3655) 5-02-29

Чыгыш 34-1/ 1296 от «18» «11» 2021-ж.

**№3 Кадамжай ОШКнын**
**төрагасы**
**А.Жакиповго**

## А Т А Й Ы Н  М А А Л Ы М А Т

2021-жылдын 17-ноябрь күнү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына 0507[redacted] сандуу уюлдук телефон аркылуу Кадамжай районунун А.Масалиев айыл аймагында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына №3 Кадамжай округунан бир мандаттуу түрдө талапкерлигин койгон Талипов Нурали шайлоо мыйзамдарын бузуу менен жарандардын добуштарын сатып алуу үчүн акча таратып жүргөндүгүн маалымдаган.

Аталган маалымат, бөлүмдүн маалыматтардын электрондук журналына 02-048-2021-001978 саны менен катталып, текшерүү иштерин жүргүзүү максатында ыкчам-тергөө тобу жана Кадамжай РИИБнун кызматкерлеринен турган документтештирүү тобу окуя болгон жерге жиберилип, алдын ала текшерүү учурунда төмөнкүлөр аныкталган.

Кадамжай районунун А.Масалиев айыл аймагынын Кара-Дөбө айылынын Астанаев көчөсүндө жайгашкан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу санариптик өнүктүрүү кызматынын алдындагы "Кыргыз Почтасы" мамлекеттик ишканасынын Кадамжай райондук филиалынын Кара-Дөбө ОС-02 байланыш бөлүмүнүн имаратынын алдында жарандар 2021-жылдын ноябрь айына карата пенсия акчаларын алуу үчүн топтошуп кезек күтүп турушкан.

Ал эми, 2021-жылдын 17-ноябрь күнү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына *"талапкер Н.Талипов тарабынан добуштарды сатып алуу фактысы болуп жатат"*-деп, кабар берген жаранды аныктоо максатында анын 0507-[redacted] сандуу уюлдук телефонуна чалып текшерген учурда уюлдук телефону өчүк болуп, байланышууга мүмкүн болгон жок. *(акт түзүлгөн)*

Ал эми, "Кыргыз Почтасы" мамлекеттик ишканасынын Кадамжай райондук филиалынын Кара-Дөбө ОС-02 байланыш бөлүмү жарандарга 2021-жылдын ноябрь айына карата пенсия акчаларын таратуу иштерин 2021-жылдын 15-ноябрынан бери жүргүзүп жаткандыгы, 2021-жылдын 15-ноябрь

күнү  жалпы 294 пенсионерге, 16.11.2021-жылы 50 пенсионерге, 17.11.2021-жылы 34 пенсионерге пенсия акчаларын берип жаткандыктары такталган.

"Кыргыз-Почтасы" Кара-Дөбө ОС-02 бөлүмүнүн башчысы [redacted] жылы туулган Акулова Бувахан өзүнүн түшүнүк катында "пенсия акчалары берилип жаткан учурда жарандар кезек күтүп турушкандыгын, жалпы 34 пенсионерге акчасын бергендигин, пенсия акчаларын бергендиги тууралуу атайын карточкалары жеринде көрсөтүп берген.

Ал эми, чогулуп кезек күтүп турушкан жалпы 27 жарандан түшүнүк каттар алынып, түшүнүк каттарында "2021-жылдын ноябрь айына карата пенсия акчаларын алып жатышкандыктарын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Талипов Нурали Орозалиевич тарабынан добуш сатып алуулар, акча таратуулар болбогондугун жана үгүт иштерин жүргүзүп келбегендигин билдиришкен".

Ошондой эле, Кадамжай районунун А.Масалиев айыл аймагынын Кара-Добо айылынын Астанаев кочосундо жайгашкан Көн айылынын тургуну [redacted]-жылы туулган Боркошов С[redacted] М[redacted] менчик имаратына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Талипов Нурали Орозалиевичтин ишенимдүү өкүлү Таджибаев Б[redacted] Н[redacted] ижарага алып "штаб" ачышкан. 10.11.2021-жылы аталган штабдын ижара акысын төлөбөй койгондуктан С.Боркошов ижарага берүүнү токтотуп койгон.

Ал эми окуя боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Талипов Нурали Орозалиевичтин ишенимдүү өкүлү Таджибаев Б[redacted] Н[redacted] тушунук катын алган убакта, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Талипов Н[redacted] О[redacted] ишенимдүү өкүлү болуп иштеп келе жатканын, 2021-жылдын 1-ноябрь күнү Боркошов С[redacted] М[redacted] менен сүйлөшүп Н.Талиповго Абсамат Масалиев айыл аймагы боюнча ишенимдуу өкүл болуп берүүсүн суранып, ал штаб ачуу үчүн бош жер таптым деп айтканынан, 2021-жылдын 15-ноябрь күнү аталган жерге барып штабты көргөн убакта, анын тийиштүү документтери жок болгондугуан байланыштуу шатаб ачууга жараксыз деп ал жерден кетишкенин, ошол жерден кетип жаткан убакта арка жагында элдер колуна газета кармап турушканын көрүп бул жерде да штаб барбы деп сураган убакта, ал жер почта экендигин С.Боркошев айтканын, 2021-жылдын 16-17-ноябрь күндөрү Көтөрмө айыл аймагында элдер менен жолугушууда жүрүшкөнүн көрсөткөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Талипов Н[redacted] О[redacted] 2021-жылдын 17-ноябрь күнү үгүт иштерин жүргүзүү максатында Кадамжай райондук администрациясына атайын кат түрүндө маалымат бергенин, 17-ноябрь күнү Көтөрмө айыл аймагында саат 11.30 дан 16.00го чейинки убакыт аралыгында элдер менен жолугуп жүргөнүн, ал күнү А.Масалиев айыл аймагына барбагандыгын, мындан сырткары 2021-жылдын 15-ноябрь күнү А.Масалиев айыл аймагындагы Кара-Добо айылына үгүт иштерин жүргүзүүдө жеңилдик болсун деп барышканын, ошол жерге ал өзүн?н унаасын жолдун чекесине токтотуп койгонун, бирок ал жерде эч кандай акча таратуу, элдердин добушун сатып алуу болгон эместигин билдирген.

Жогоруда аталган сотко чейинки өндүрүш иши боюнча кылмыштын жана жоруктун курамы жок богонуна байланыштуу КРнын ЖПКнин 35-бер. жана 01.01.2019-жылы иштей баштаган КРнын 10-мыйзамын жетекчиликке алуу менен 02-048-2021-001978 саны менен Кадамжай РИИБнун МЭЖне катталган материал 2021-жылдын 18-ноябрь күнү номенклатуралык ишке тиркелген.

**Кадамжай РИИБнин ТКнын начальниги**
**милициянын капитаны** **Сагынбаев Э.С.**